# Супер желдеткич



Автор: Үмүт Айтбаева

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Супер желдеткич

Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Супер желдеткич" (кыргыз тилинде), автор Үмүт Айтбаева, сүрөтчү Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Күн абдан ысык, желп эткен жел жок. Жайдар менен Улук кагаздан желпигич жасашты. Желпип жатып колдору талып кетти.

– Өзү желдеткен автоматикалык желдеткич жасап алсак, ээ? – деп Улук кыялданды.

– Бүгүн энциклопедиялардан желдеткичтер тууралуу маалымат таап, балким, жасап да көрөбүз, – деди Жайдар.

Китепкананын электрондук бөлүмүндө, эки дос үй тиричилик техникалар боюнча энциклопедияны окуп башташты. Аңгыча классташы Ширин келип калды. Ал да балдардын оюн угуп, кызыгып калды.

– 19-кылымдын башында Томас Эдисон биринчи ток менен иштеген вентиляторду жасаптыр, – деп Улук андан ары барактай баштады.


– “Желдеткич” латын тилинен "ventilo" – желдетүү, булгалоо – дегенди түшүндүрөт экен, – деп Жайдар блокнотуна жазып алды.

– Менимче, веер колдонсо деле болот да, – деди Ширин.

– Элестет, Жайдар экөөбүздүн веер көтөрүп алып жүргөнүбүздү, – деп Улук каткырып жиберди.

Үчөө тең китепкананын ичин жаңыртып күлүп жиберишип, бири-бирин тыйып тынчып калышты.





Балдар китепканадан чыгып эле, Maker Space STEAM лабораториясына жөнөштү.

– Агай, биз өзү желдеткен желдеткич жасагыбыз келип жатат. Бирок, эмнеден баштарыбызды билбейбиз, – деп балдар моделдөө бөлүмүнүн кызматкерине кайрылышты.

– Балдар, алгач биздин видео сабактарды көрүп чыксаңар, көп нерсени түшүнүп каласыңар, – деп агай компьютерди жандырды.


Ар бир үйдөн табылуучу тиричилик каражаттары менен жасалган моделдер тууралуу видеолорду көрүп чыгышты. Андан соң устаканага кирип, ишке киришишти.

– Мен желим бөтөлкөнү кесейин. Жайдар, сен түтүкчөлөрдү бириктирип байлай бер.

Желим бөтөлкөнү ортосунан кесишти. Үстүңкү бөлүгүн гүлдүн таажылары сыяктуу кылып бөлүктөргө бөлүштү.

– Булар желдеткичтин дилдиректерине окшошуп калды! – деп Жайдар жылмайды.





Улук менен Жайдар түтүкчөлөрдү желим бөтөлкөнүн ылдыйкы бөлүгүнө салып, супер желим менен бекем кылып чапташты.

Улук моторду тагыш үчүн капкактын так ортосун шибеге менен тешти. Коопсуздук эрежелерин сактап, колуна булгары мээлей кийип алган.

Агай текчесинде турган батарейкаларды алып, балдарга берди.

Дилдиректерге моторду тагып, зымдарын батарейкага туташтырдык, бирок желдеткич иштеген жок.

– Эмне себептен иштебей калды? Батарейкалар эски го, – деп Ширин тынчсызданды.

– Бул батарейкалар күндөн энергия алат. Заряддоо үчүн күн батарейкасынын түзмөгүнө улаштырып, күтүп туралы, – деди агай.





Балдар дагы башка видеолорду көрүп, кыялданып, идеялары менен бөлүшүп отурушту. Ошентип, эки саат өттү. Кайрадан туташтырып көрүштү. Желдеткич иштеп баштады. Жайдар зымдарды кылдаттык менен изоляциялоочу лента менен ороп чыкты. Татынакай желдеткич чимирилип желдетип жатты.

– Жасаган желдеткичибиз абдан жеңил болду. Көчөдө да көтөрүп жүргөнгө болчудай, ал эмес, кепкабызга да орнотуп алсак, сонун болот экен, – деп Азиз сунуш киргизди.

– Үнү да чыкпайт. Түнкүсүн иштетсек да тынчыбызды албайт, – деди Улук сүйүнө.


– Батарейка арзан эле болот. Биз аябай үнөмчүл турбайбызбы. Сатып албай, акчабыз да чөнтөктө калат, – деп Ширин күлүп калды.





Балдар супер жеңил желдеткичти кепкаларына орнотуп алышты. Көчөдө кетип бара жатышканда, аларга элдин баары таң кала карап жаткандай сезилди.

Өз колдору менен жасаган желдеткичке ыраазы боло, үйлөрүнө кубанычтуу кетип бара жатышты...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Үмүт Айтбаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли